УДК 371.035

**Акылбекова Айжан**
И.Арабаев атындагы КМУнин Теология кафедрасынын магистранты,
**Акылбекова Айжан**
Магистрант кафедры Теологии КГУ имени И. Арабаева,
**Akylbekova Ayjan**
Magister Faculty of Theology KGU in the name of I.Arabaev Kyrgyzstan, Bishkek,

# МУХАММАД ПАЙГАМБАРДЫН (С.А.В) ОКУУДАГЫ УНИКАЛДУУ МЕТОДДОРУ

# УНИКАЛЬНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ПРОРОКА МУХАММАДА (С.А.В)

# PROPHET MUHAMMAD’S (S.A.V) UNIQUE TEACHING METHODS

**Аннотация:** Бул макалада Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) окуу-тарбия боюнча исламдык педагогиканы негиздеген уникалдуу усулдук ыкмалар каралган. Алар: көрсөтмөлүк менен билим-тарбия берүү; салыштыруу жана окшоштуруу жолу менен окутуу; суроо-жооп жана окуучулар менен диалог жургузуу аркылуу окутуу; тезистик-эвристикалык, кыска-нуска сүйлөө жана кайталоо жана жетиштүү көңүл буруу аркылуу окутуу; убакытты туура тандоо жана окуучулардын ийгиликтерин байкап «мактоо жана алкыштоо» кирет.

**Аннотация:** В данной статье рассмотрены уникальные методологические подходы Пророка Мухаммада (С.А.В) в преподавании и обучении с позиции ислама. Это: обучение путём сравнения и аналогии; эвристическая беседа; тезисное изложение мысли; обучение через повторение; выбор правильного времени; индивидуальный подход исходя из особенности обучаемого; поощрение и похвала обучаемого.

**Annotation:** In the following article the unique methodological approaches of Prophet Muhammad (S.A.V) in teaching from the position Islam are reviewed. These are: teaching by comparing and considering analogies; heuristic conversations; abstract summary of thoughts; teaching by repetition; the choice of the right time; individual approach based on the trainee features; encouragement and laud of the trainee

**Негизги сөздөр:** Мухаммад Пайгамбар (С.А.В), педагогикалык технология, педагогикалык система, метод, усул, көрсөтмөлүүлүк, салыштыруу,тезис-эвристика, кайталоо, убакыт, интерактив.

**Ключевые слова:** Пророк Мухаммад (С.А.В), педагогическая технология, педагогическая система, метод, методика, наглядность, сравнение, тезис-эвристика, повторение, время, интерактив.

**Key words:** Prophet Muhammad (S.A.V), pedagogical technology, pedagogical system, method, methodic, comparison, thesis-heuristic, repetition, time, interaction.

Кыргызстандын жаңы шайланган президенти С.Н.Жапаровдун биринчи указы нравалык жана руханий өнүгүүгө арналды. Указга ылайык 2021-жылдын июнь айына чейин руханий-нравалык өнүгүүгө тиешелуу концепцияны өкмөт иштеп чыгуусу зарыл. Концепциянын өзөгүн материалдык баалуулуктардан руханий-нравалык баалуулуктардын приоритеттүүлүгү, мугалимдер, тарбиячылар, дарыгерлер жана мекенди коргоочулардын статусунун баалуулугун, артыкчылыктарын эске алынгандыгы түзөт. Бул жаны концепция билим беруу системасында традициялык маданиятка, руханий-нравалык жана үй-бүлөөлүк

баалуулуктарга тарбиялап, жарандардын физикалык, психологиялык жана социалдык өнүгүүлөрүн ишке ашырууга шарт түзмөкчү. Ошондуктан, болочок педагогдорду, мугалимдерди жана тарбиячыларды даярдоодо ислам динин жаңыдан таратуу башталган учурда Мухаммад Пайгамдардын (С.А.В) сахабаларын окутуу, түшүндүрүү, даярдоогу колдонгон ыкма-усулдары азыркы мезгил учун дагы уникалдуулугун жоготпогонун эске алуубуз керек деп билебиз.

Ислам дүйнөсүндө Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) биринчи мугалим деп эсептеген илимий эмгектер бар. [3]

Бул сыяктуу илимий эмгектерде Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) колдонгон уникалдуу ыкмалар анализделген жана азыр XXI кылым үчүн да педагогикалык технологияларга салым кошо алат.

Демек, Улуу Пайгамбардын усул-ыкмаларын анализдөө, үйрөнүү жана колдонуу азыркы мезгилдеги педагогикада да актуалдуу болууда.

Бул өтө бай мураска педагогикалык система жана педагогикалык технологиянын тарыхый формасы катары кыскача анализ жүргүзүп көрөлү. Негизинен, Азирети Пайгамбарыбыз (С.А.В) өзүнүн усулун бир канча бөлүктөн турган педагогикалык система катары караган. Алар;

1. Мугалимге таандык сапаттар
2. Окуучуга таандык сапаттар
3. Педагогикалык технологияга таандык усулдук көрсөтмө-жоболор.

Биринчи болук «мугалимге таандык сыпаттар» мазмуну жана маңызы боюнча насаатчы, мугалимге тийиштүү психологиялык жана педагогигалык инсандык белги, иденттүүлүктөн турат. Алардын эн негиздүүсү окуткан, билим-тарбия берген адамдын кемчилиги «дээрлик» жок болгон мугалим, мугалимдик үлгү катары болушу зарыл. Адеп-ахлактуу жүрүш-турушу, ал тургай кийими, тазалык жана сүйлөө маданияты боюнча да окуучу, тарбиялануучу тарап мугалимди «үлгү» катары кабыл алышы зарыл. Мындан Мухаммад Пайгамбарыбыз (С.А.В) озунун инсандык сапаттарына өтө чоң маани бергендигин байкайбыз.

Экинчи бөлүктө «окуучуга таандык сапаттар» да өзгөчө маанилүү орунда экендиги каралган. Бул багытта төмөнкү учурлар сөзсүз мугалим, насаатчы тарабынан эске алынышы керек:

1. Ар бир окуучу, үйрөнүүчүнүн өздүк кызыкчылыгын дагы эске алуу;
2. Ар бир окуучу, үйрөнүүчүнүн өздүк өзгөчөлүктөрүн, психологиялык кулк-мүнөзүн, эске тутуусун ж.б өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
3. Ар бир окуучу, үйрөнүүчүнүн билим деңгээлине жараша мамиле кылуу, тапшырма же суроолорду берүү;
4. Азыркы мезгилде мындай ыкма, «инсанга багытталган билим берүү» деп педагогикада кеңири колдонулат.

Үчүнчү бөлүмдө Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) педагогикалык системага жана технологияга таандык усулдук көрсөтмөлөрү, же жоболору каралган. Мындай усулдук көрсөтмөлөрү жана жоболору кыйла даражада көп. Ошондуктан алардын ичинен бир канча негиздүүлөрүн карайлы. Аларга төмөнкү усулдук ыкма, көрсөтмө жана жоболор кирет;

1. Көрсөтмөлүүлүк менен билим-тарбия берүү;
2. Салыштыруу жана окшоштуруу жолу менен окутуу:
3. Суроо-жооп, окуучулар менен диалог жүргүзүү аркылуу окутуу;
4. Тезистик-эвристикалык, кыска жана нуска суйлөө, түшүндүрүп окутуу;

5. Кайталоо жана жетиштүү көңүл буруу аркылуу окутуу:
6. Убакытты туура тандоо жана окуучулардын ийгиликтерин байкап «мактоо жана алкыштоо» ыкмасы.

Биринчи «Көрсөтмөлүүлүк менен окутуу» педагогикалык технологиялардын ичинен эң эффективдүү ыкма-усулдарынын бири. Көрсөтмөлүүлүк ыкмасы кыйла көп. Мисалы, окулуучу объектинин өзүн, макетин же сүрөтүн көргөзүү.
Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) кээде түшүндүрүү үчүн топуракка, жерге чийип, объектини сызык же тышкы формаларын сүрөттөп үйрөткөн. Бул, көрсөтмөлүүлүктүн жакшы эске сакталаарын эске алгандыктын бир түрү болгон.

Экинчи, Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) «Салыштыруу жана окшоштуруу» жолу менен окутууга да өтө чоң маани берген. Ошондуктан сахабалар жакшы түшүнүүсү үчүн кээде айткан өкүмдөрүн салыштыруу же окшоштуруу жолдору менен түшүндүргөн. Бул ыкма азыркы педагогикалык системада кеңири колдонулган компаративдик анализ болуп саналат жана анализ же синтез сыяктуу кеңири мааниге ээ болууда. Демек, каралган маселе түшүнүктүү болуусу үчүн ал доордогу өздөрү көргөн, колу менен кармаган, сезген нерселерди мисал катары келтирген.

Суроо-жооп, окуучулар менен диалог жүргүзүү ыкмасы да Азирети Пайгамбарыбыз (С.А.В) тарабынан кеңири колдонулган. Диалог бул монолог, б.а мугалимдин гана сөзү эмес, окуучулар менен окутуучулар ортосунда пикир алмашуу жүрүп, алардын ортосунда байланыш жүрүп турушун шарттайт. Мындай окутууда окуучулар менен маңдай-тескей отуруп суроо узатып, жооп алып жана аны тактап, сахабаларды окуткан. Диалогдун тарыхый бир түрү улуу философ Сократтын да шакирттери менен болгон аңгеме куруу методу болуп саналат. Азыркы педагогикалык технологияда бул ыкма кыйла өркүндөп интерактивдик окутуу усулу болуп түзүлдү. Бул интерактивдик методдо мугалим-окуучу, окуучу-окуучу, окуучу-мугалимдин ортосунда аңгеме же диалог жүрүп, окутулуучу материал терең өздөштүрүлөт. Ошондуктан, бул интерактивдуу окутуу методун Мухаммад Пайгамбарыбыз (С.А.В) ийгиликтүү колдонгонун көрөбүз.

«Тезистик-эвристикалык, кыска жана нуска сүйлөө, түшүндүрүү, окутуу» методу боюнча Мухаммад Пайгамбарыбыз (С.А.В) өз салымын кошкон. Бул жөнүндө Мухаммад Пайгамбарыбыздын (С.А.В) өмүр баянында төмөндөгүдөй жазылган маалыматты коробуз: «Азирети Пайгамбарыбыз (С.А.В) сахабаларга үйрөткөндө көп сүйлөчү эмес, ыңгайлуу убактарды тандап, аларга маанилүү маселелерди айтып насаат кылган. Мындан биз төмөндөгүдөй, бүгүнкү күнгө тиешелүү жыйынтык чыгара алабыз: «Кыска жана нуска» бул баяндама же түшүндүрүүчү көйгөйдүн тезистик формасы. Чоң макаланын маани-манызын кыска, тезис аркылуу берүүгө болот. Кээде илимий макаланын маани-маңызы аннотация аркылуу ачылып, тезистик формада берилет. Тезистен толук пайдалуу маалымат алыш үчүн андан эвристикалык акыл корутундуларын чыгаруу керек. Натыйжада, бул «тезистик-эвристикалык окуутунун негизин Азирети Пайгамгамбарыбыз Мухаммад (С.А.В) иштеп чыкканын көрөбүз.

Мухаммад Пайгамбарыбыздын (С.А.В) педагогикалык технологияга кошкон дагы бир чоң салымы «Кайталоо жана жетиштүү көңүл буруу аркылуу окутуу». Кайталабай окуу бул бошко кеткен эмгек. Кайталабоо ал окулган теманы унутуу менен коштолот. Ошондуктан азыркы педагогикада айкалыштырылган сабак, өткөн теманы кайталоо менен башталат.Куранды жаттап, кары (Хафиз) даражасына ээ болуш үчүн ар бир сүрөөнү кайра-кайра кайталоо зарыл экенин так билебиз. Демек, ошондуктан Мухаммад Пайгамбарыбыздын (С.А.В) окутуу системасында кайталоого да өзгөчө көңүл бурулган.

«Убакытты туура тандоо жана окуучулардын ийгиликтерин байкап «мактоо жана алкыштоо» ыкмасын Мухаммад Пайгамбарыбыз (С.А.В) өтө ийгиликтүү пайдаланган. Азыркы күндүн педагогикасында бул ыкмалар окучууларга оптималдуу шарт түзүп, позитивдүү таасир эте турганы байкалат. Аларга:

1. Окуучу билимди жакшы кабыл ала турган убактысын белгилөө;
2. Окуучуларын билим алуусуна «мактоо жана алкыштоо» аркылуу стимул берүү жана кызыктыруу;
3. Окуучулардын сабактан тышкары дагы билим алууга умтулуусун күчөтүү.

Жогоруда келтирилген талдоолордон кийин төмөнкүдөй негизги жыйынтыктарды жасоого болот:

Азирети Пайгамбарыбыз, Мухаммад (С.А.В) жалпы билим, тарбия берүүдө бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпогон төмөнкү педагогикалык усулдук-ыкмаларды биринчилерден болуп колдонуп жана пайдаланууга ишке киргизген. Алар;

1. Инсанга багытталган окутуу методикасы;
2. Интерактивдик ыкманын алгачкы формасы;
3. Көрсөтмөлүүлүк методу менен окутуу;
4. Компаративдик (салыштыруу) ыкма жана анализ;
5. Аңгеме жүргүзүү аркылуу позитивдүү шартта билим-тарбия берүү;
6. Тезистик-эвристикалык окутуунун алгачкы этабы.

**Колдонулган адабияттар;**

1. Ахвердиев, Камиль Н. «Основные методологические подходы в педагогике/ Камиль Н. Ахвердиев.-Текст: непосредственный//Молодой учёный.-2010.-№ 6(17). - С.308-310.
2. Кирюшина О.Н. Методологические основы научно-педагогических исследований./Кирюшина.О.Н. текст непосредственный//Вестник ТГПИ.-2008.-205-210с.
3. Фуад ибн Абдуль -Азиз Аш-Шальхуб «Первый учитель»- м.: Мир.2010.-125 с.

**Рецензент: филос. и.д., профессор Утуров Кытайбек**